Бекитемин
Мектептин директору
_____________
Райымкулова А.О.

2018-2023- окуу жылына карата Ө. Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин стратегиялык өнүгүү планы.

Мектептин миссиясы:

Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты чыгармачыл, эркин, социалдык жана кесиптик жактан компетенттүү, өзүнө жана айлана – чөйрөсүнө түз көз караштa карап, гармонияда жашай алган , Ата-Журтунун маданиятын билген, “эмгекчил”. “үй-бүлөчүл”, “жаран” миссияларын аткара алган инсанды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү болуп саналат.

Билим берүүнүн үзгүлтүксүз модулу.

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Мектепке чейинки билим | 5-6 жаш |
| 2 | Башталгыч билим | 1-4-класс |
| 3 | Негизги билим | 5-9-класс |
| 4 | Орто билим | 10-11-класс |
| 5 | Кошумча билим | Спорттук сециялар, ийримдер |

Мектептин стратегиялык өнүгүү планынын максаттары:

1. Мектепке жагымдуу жана коопсуздук шарттарды түзүү

| № | Мазмуну | 1 – жыл 2018-2019 | 2 – жыл 2019-2020 | 3 – жыл 2020-2021 | 4 – жыл 2021-2022 | 5 – жыл 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Проектилер менен иштеп, эмеректерди, техникалык базаны чыңдоо | + | + | + | + | + |
| 2 | Электр проводдорун толук которуу, оңдоо | + | | | + | + |
| 3 | Мектептин ичин капиталдык ремонттон өткөрүү | | | | | + |
| 4 | Мектептин сыртын капиталдык ремонттон өткөрүү | | | | | + |
| 5 | Мектептин айланасын тозуу, оңдоо | | | + | + | + |
| 6 | Окуучулардын коопсуздугу үчүн видео көзөмөл орнотуу | | + | + | + | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7 | Мектептин жылытуу системасынын электр түйүндөрүн ремонттон өткөрүү. Кошумча көмүр төкчү жай курдуруу. | | | | + | |
| 8 | Мектептин сырткы ажаатканасын жаңылоо. | | | | + | + |
| 9 | Мектептин айланасындагы жараксыз теректерди алдырып, жаңы көчөттөрдү отургузуу. | | | + | + | + |

Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу.

| № | Мазмуну | 1 – жыл 2018-2019 | 2 – жыл 2019-2020 | 3 – жыл 2020-2021 | 4 – жыл 2021-2022 | 5 – жыл 2022-2023 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуучулардын билим сапатын көтөрүү | + | + | + | + | + |
| 2 | Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү | + | + | + | + | + |

Мектептин стратегиялык өнүгүү планынын багыты.

Багыттарды ишке ашыруу иш-чаралар.

| Аталышы | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жоoптуу адам. |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| Билим берүү мазмунундагы өзгөрүүлөр | 1. Кызматтык нускамаларды изилдөө | 2018-2023 | Администрация |
| | 2. МОСы ишке ашырууну колдогон окуу программаларын талдоо. | | Администрация |
| | 3. МОСыны ишке ашыруу үчүн окуу планын киргизүү | | Администрация |
| | 4. Окуучуларды НЦТга, ЖРТга даярдоо технологиясын өркүндөтүү | | Предметтик мугалимдер |
| Окутуу билим берүү жана өнүктүрүү жаатындагы инновация | 1. Окуу процессин жүргүзүүдө мугалимдерди заманбап технологиялар менен тааныштыруу | 2018-2023 | Метод бирикменин жетекчилери, мугалимдер, окуу бөлумүнүн башчысы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| лык технология лар | 2. Мугалимдердин жаңы технологияларды ишке ашыруу тажрыйбасын үйрөнүү жана жалпылоо | 2018-2023 | Метод бирикменин жетекчилери. |
| | 3. Каралган маселе боюнча семинар, тегерек столдорду өткөрүү | 2018-2023 | Метод бирикменин жетекчилери., окуу бөлумүнүн башчысы, мугалимдер |
| Билим берүүнүн баскычтары менен баскычтарын ын ортосундагы үзгүлтүк сүздүк | 1. Билим берүүнүн мурунку баскычында окуучулардын эс тутум натыйжаларын мугалимдер тарабынан натыйжалуу текшерүү. | Дайыма | Мугалимдер, класс жетекчилер |
| | 2. Билим берүүнүн ар кандай формаларын колдонуу (лекция, семинар ж.б.) | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 3. Бүтүрүүчүлөргө кесиптик багыт берүү боюнча иш уюштуруу. | Жыл сайын | Мугалимдер, класс жетекчилер. |
| Класстан тышкаркы иштер | 1. Балдардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өркүндөтүү максатында кызыкчылыкка негизделген тандалма сабакты уюштуруу. | 2018-2023 | Мугалимдер, кружок жетекчилери. |
| | 2. Окуучуларды Республикалык, облустук, райондук иш-чараларга катыштыруу. | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 3. Спорттук секцияларынын тармагын кеңейтүү | 2018-2023 | Дене тарбия мугалими |
| | 4. Билим берүүнүн бардык баскычтарында үзгүлтүксүз спорттук иш-чараларды өткөрүү | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 5. Жайкы каникулда эс алуу лагерин уюштуруу. | Жыл сайын | Администрация |
| | 6. 1-4-класстын окуучуларын ысык тамак менен камсыздоо. | 2018-2023 | Администрация |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 7. Окуу процессинде гигиеналык нормаларды сактоо | Дайыма | Администрация |
| Өзүн-өзү башкаруу уюмун өнүктүрүү | 1. “Манас жаштарынын” уюмунун ишин улантуу. | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | 2. Өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрүн тарбия иштерин өткөрүүдө активдүүлүгүн жогорулатуу | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| Билим берүү процессинде ги уюмдун шарттарын дагы жаңылыктар | 1. Жаш кадрларды даярдоо. | 2018-2023 | Администрация |
| | 2. Класс жетекчилердин ар кандай өз билимин өркүндөтүү курстарга, семинарларга жиберүү | 2018-2023 | Администрация |
| | 3. Жаңы тарбиялык, инновациялык технологияларды билим берүү тармагына киргизүү. | 2018-2023 | Администрация |
| Класс жетекчилерд ин кесиптик чеберчили гин өнүктүрүү | 1. Класс жетекчилер менен тарбия иштери боюнча ар дайым кеңешмелерди өткөрүү | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | 2. Патриоттук жаранды жана адептүү инсанды тарбиялоо багытында ар дайым класстык сааттарды өткөрүү | 2018-2023 | Класс жетекчилер |
| | 3. Класс жетекчилер менен ата-энелердин ортосунда тыгыз байланыш түзүү | 2018-2023 | Класс жетекчилер |
| | 4. Класс жетекчилердин ишин баалоо системасын иштеп чыгуу. | 2018-2023 | Соцпедагог Тарбия завуч |
| Окуучулар менен профилактик алык иштерди жүргүзүү | 1. Маалыматтар базасына ИДНдин кызматкерлери менен үзгүлтксүз иштерди алып баруу. | Жыл сайын | Соцпедагог Класс жетекчилер |
| | 2. Ошол окуучуларды спорт секцияларга жана ийримдерге катыштыруу боюнча иш чараларды өткөрүү. | 2018-2023 | Соцпедагог Класс жетекчилер |
| | 3. Окуучулар жана ата-энелер арасында ИДН, ОВД,ГИБДД менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Соцпедагог Тарбия завуч Класс жетекчилер |
| | 4. Профилактикалык кеңешме тарабынан “тобокел” тобунда турган балдар менен жекече ишти уюштуруу. | Ар дайым | Соцпедагог |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Зээндүү балдар менен иш алып баруу. | 1. Окуучулардын класстан тышкаркы өткөрүлүүчү кароо-сынактарга, конференцияларга предметтик олимпиадаларга катышууга даярдоо. | 2018-2023 | Класс жетекчилер Предметтик мугалимдер |
| | 2. Райондук жана облустук иш-чараларга катышуу. | 2018-2023 | Класс жетекчилер Предметтик мугалимдер |

Тарбия системасынын багыты.

Максаты:

1. Зээндүү окуучулар үчүн чыгармачыл чөйрөнү өнүктүрүү.
2. Активдүү позициясы бар руханий-адептик инсанды тарбиялоо.

Багытты өнүктүрүү иш-чаралар.

| Багыт | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| | - Жыл сайын багыт боюнча тарбия ишин пландоо | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | - Руханий жактан адептүү инсанды калыптандыруу максатында концерттерге, жаратылышка, музейлерге чыгуу. | 2018-2023 | Класс жетекчи |
| | - Мектептин ийримдеринде катышкан окуучулардын кароо сынагын көрсөтүү | 2018-2023 | Ийрим жетекчиси |
| | - Тарбия иштер боюнча иш чараларга окуучуларды толугу менен катыштыруу. | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| | - Өтүлгөн тарбия иштеринин жыйынтыктарын массалык маалыматка жайгаштыруу | 2018-2023 | Тарбия завуч |
| Патриоттуу жаранды тарбиялоо | - Улуу Ата мекендик согуштун Жеңищ күнү, советтик аскерлердин Афган жеринен чыгарылышы, Мекенди коргоо күндөрүнө карата иш-чараларды уюштуруу. | 2018-2023 | Тарабия завуч |
| | - Мамлекеттик майрамдын иш-чараларды өткөрүү | 2018-2023 | Тарбия завуч |

“Окуучулар жамааты” программасын ишке ашыруу боюнча иш-чара.

| Багыт | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| Педагогикалык жамааттын кесиптик өнүгүшү | 1. Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү | 2018-2023 | Администрация |
| | 2. Мектептик жана райондук усулдук бирикмелерге катышуу. | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 3. Мугалимдерди копьютердик сабаттуулукка окутуу. | 2018-2023 | Администрация |
| | 4. Тажрыйбаны алмаштыруу максатында өз ара сабакка катышуу | 2018-2023 | Мугалимдер |
| | 5. Кесиптик-кароо сынактарга дайыма катышуу | Ар дайым | Мугалимдер |
| | 6. Жаш адистер менен иш алып баруу. | Келгенине жараша | Администрация |
| | 7. Мастер класс семинарларын өткөрүү | 2018-2023 | Администрация |

Багыт: Окуучулар составын өркүндөтүү.

- Белгилүү бир иш аракеттер мектебинде окутуунун сапатын анализдөө адилеттүүлүктү талап кылат.
- Маалыматтык техналогияларды, педагогикалык иш-аракеттерде окутуунун жана формалары жана ыкмаларын колдонгон мугалимдерди стимулдаштыруу.
- Өзгөчө жаш адистерди материалдык жана моралдык стимулдаштырууну ийкемдүү тутумун сактоо .
- Мугалимдер үчүн заманбап техналогияларды жана мыкты тажрыйбаларды эске алуу менен квалификацияны жогорулатуу курстарынан үзгүлтүксүз өтүп туруу.
- МКТны үйрөнүү боюнча курстарда жаш мугалимдерди артыкчылыктуу окутуу жана алардын жумуш орундарын окуу процессинде МКТны колдонууга мүмкүндүк берген заманбап техникалык каражаттар менен жабдуу.
- Негизги максат : мектепте педагогикалык ресурстарды өнүктүрүү.
- Максаты: жаш адистерди мектепке иштөөгө тартуу: маселени чечүү,мугалимдерди жана жаш мектеп адистеринин алдыңкы демилгесин стимулдаштыруу.квалификациясын жогорулатуу курстарынан үзгүлтүксуз өтүп туруусун активдештирүү заманбап мугалимдердин алдыңкы алмашуу технологияларын үйрөнүүсү.

Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2018-2019-окуу жылында мектептин 5 жылдык стратегиялык планынын аткарылышы боюнча маалымат.

2018-2019-окуу жылында мектептин 15 соток жерине 40 түп алма багы, 160000 ( жүз алтымыш миң )сомго, окуучулардын ден -соолугун чыңдоо үчүн кол жуугуч раковиналар 50000 (элүү миңге), мектептин ички ажаатканасы 280000 ( эки жүз сексен миңге)"МЕРСИКО" проектиси менен ишке ашырылды. Бул проектинин ишке ашышына ата-энелер жана Чым-Коргон айыл өкмөтү тарабынан дагы кошумча жардамдар көрсөтүлдү.

Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү курстарына башалгыч классын мугалими Керим кызы Айжан, кыргыз тили жана адабияты мугалими Туйгунова Майрамкан барып, билимдерин өркүндөтүп келишти. Ар бир мугалим окуучулардын билим сапатын көтөрүү максатында пландарды түзүп, кошумча сабактарды өтүп турду. Мугалимдер заманбап технологияларды колдонуп, сабактарды өтүп келишти. Мектептин окуу завучу жаңы технологияларды кодонуу боюнча семинарларды өтүп турду.

Мектепте эки ийрим иштеп келген. Спорт ийрими боюнча окуучулар райондук деңгээлдеги иш чараларга активдүү катышып келишти.

"МЕРСИКО" проектиси менен мектептин башталгыч классына бир жылга ун, суу май, буурчак, күрүч берилип, окуучулар ысык тамак менен камсыз болушту.

Жайкы эс алууда окуучуларга лагер уюштурулуп, план түзүлүп, мугалимдер 10 күндүк иш чараларды өткөрүп турушту.

Мектептеги тарбиялык иштер пландын , Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн буйруктарынын негизинде ишке ашырылды. Райондук деңгээлдеги өткөрүлгөн "Сары-Өзөн чолпондору" конкурсунда "Ай – Бийке" тобу бий конкурсу боюнча жеңишке ээ болушту. Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишине карата Чым-Коргон айыл өкмөтүндө өткөрүлгөн конкурска мектептин 8-11-класстары катышып, байгелүү орундарды багынта алды.

Мектептин директору: А.О. Райымкулова.

Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2019-2020, 2020-2021-окуу жылында мектептин 5 жылдык стратегиялык планынын аткарылышы боюнча маалымат.

2019-2020-окуу жылынын “Кемин келечеги” фондусу тарабынан каржыланып мектептин эшиктери жана терезелери толугу менен коиторулду. Бул проекттинин ишке ашырылышына айыл өкмөтүнүн да салымы бар. Жалпы каржылоого 1653000 сом каражат каралган. Ушул эле жылы мектепти жарыктандыруу айыл өкмөт тарабынан каржыланып жарык берүүчү лампалар жана электр проводдору которулду.

2019-жылы кайрылуунун негизинде айылда мурда жашап кеткен тургундары Конурбаев Мирлан жана Асрандиев Эркин мектепке 3 компютер, 1 музыкалык центр алып келип беришти.
Ушул эле жылы мектептин айланасындагы керексиз бак- дарактар алынып, ирээтке келтирилди. Бул иштер айыл тургундарынын жардамы менен ишке ашырылды.

2019-2020,2020-2021-окуу жылдарында мектептин 6 класс кабинеттерине айыл өкмөткө кайрылуунун негизинде линолиумдары которулуп, төшөлдү.

2020-жылы коопсуздукту алдын алуу үчүн мектептин ичине жана сыртына жалпысынан 19 видеокамера орнотулду. Бул иш аракет айыл өкмөтү тарабынан ишке ашырылды.

2021-жылы мектептин Актовый залы айылдын жаштарынын жардамы менен жана мектептин наамын алып жүргөн агайдын кызынын салымы менен капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Айыл өкмөт тарабынан полуна линолиум алынып төшөлүп, плинтусу тагылды.
Мындан тышкары пандемия учурунда мектептин планына коюлган иш-чаралар онлайн аткарылып убагы менен райондук билим берүү бөлүмүнө тапшырылып жатты. Ошол пандемия учурунда онлайн сабактарды өтүү үчүн уюдук телефондорго, телевизорлорго муктаж болгондор көп болду. Андай үй-бүлөлөлөргө спонсор табуу менен 1 телевизор, 9 уюлдук телефон таратылып берилди. Ушундай кыйынчылыктарга карабастан мектеп жамааты үзүрлүү эмгектенип, видео сабактар даярдалып, райондук сынактарга катышуу менен жетишкендиктерге ээ болдук. Белгилей кетсек видео сабактардын сынагы, “Таза колдор”, “Бүткүл дүйнөлүк китеп” сынактарына катышып жасалган иштер ЮТУБ каналына жарыяланды.

Мектептин директору А.К Абдыгулова

Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2021-2022,2022-2023-окуу жылында мектептин 5 жылдык стратегиялык планы боюнча жүргүзүлгөн иштерге карата анализ

Айыл өкмөтү жергиликтүү бюджеттен 2021-жылдын октябрь айында от жагуучу имаратка кошумча көмүр төкчү жай курулду жана 1 видеобайкоо коюлду.Жалпы баасы 327917(үч жүз жыйырма жети миң тогуз жүз он жети) сомду түздү.От жагуучу имаратка 49000(кырк тогуз миңге) насос коюлду.Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланып жаткан "Келечек үчүн билим берүү"долбоору аркылуу 2022-жылдын 16-октябрында мектепке информатика кабинети үчүн 15 компьтердик стол,15 отургуч жана процессорго 15 тумба алынып келинди жана орнотулду.Жаңы талапка ылайык информатика кабинетин түзүү үчүн электр каражаттарына айыл өкмөт тарабынан 15000(он беш миң) сом,интернет тармакты туташтыруу иштерине айылдын кыздары 24000(жыйырма төрт миң) сом жардам беришип, азыркы күндө компьтерди гана күтүп жатабыз.Жаңы уюштурулуп жаткан компьютердик класска видеобайкоо зарыл экендиги боюнча маалымат Кемин райондук билим берүү бөлүмүнө берилди.

Республикалык бюджеттен 2023-жылы мектептин ичи,сырты капиталдык ремонттон өткөрүлгөнү турат жана ошондой эле мектептин айланасын тосуу да каралган.

Мектептин айланасындагы жараксыз болуп окуучулар үчүн коопсуздук жаратып жаткан теректерди алып,түшкөн каражатты мектептин материалдык базасын чыңдоого жумшап, ордуна жаш,пайдалуу көчөттөрдү отургузуу иштери пландалууда.

"МЕРСИКО"проектиси тарабынан 2021-жылдын 27-сентябрында "Бензиновый садовый триммер"11000(он бир миң )сомго,жергиликтүү бюджеттен кресло 11600(он бир миң алты жүз)сомго берилди.

Мектепте окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө USAID ""Окуу керемет" долбоору боюнча башталгыч класстын мугалимдери тренингдерге катышып билимдерин жогорулатып жатышат.Урания Мега Майнд команиясы тарабынан шар окуу боюнча билим алган Керим кызы Айжан, ата-энелердин каалоосу менен окуучуларга кошумча сабак өтүп турду. Жылыга атайын пландын негизинде предметтик мугалимдер өз билимин өркүндөтүү курстарына жөнөтүлүп турат.Кулманбетова Н.2021-жылдын 18-октябрынан технология сабагы жана 2022-жылдын 21-мартынан "Башталгыч класстарга билим берүүнүн заманбап технологиялары" боюнча,Акматылдаева Ж.Ж.англис тил сабагынан 2022-жылдын 24-январынан билимдерин өркүндөтүп келишти.

Айылдын жаштары тарабынан мектептин ашканасына 2500(эки миң беш жүз)сомго тараза,мектептин ички ажаатканасын оңдоо иштерине 3000(үч миң)сом,лимон дарагын өстүрүү үчүн 5000(беш миң)сом,мектептин кире беришин 60000(алтымыш миң) сомго оңдоп беришти.Дүйшеев Азаматтын үй-бүлөсү 25 окуу китебин,бүтүрүүчүлөр тарабынан 11-класска 10 биология китеби,1-класска 19 алиппе китеби белекке берилип, мектептин фонду толукталууда.

Райондук олимпиадага мектептен 9 окуучу катыштырылган.Окуучулардын ичинен 5 окуучу ийгилик менен келишти.

Райондук мектеп аралык өткөрүлгөн конкурстарга активдүүлүк менен катышып келебиз.”21-кылымдын интеллектуалдары” конкурсу боюнча 3 окуучубуз катышып,7-класстын окуучусу Мустафаев Н.мугалими Абдыгулова А.К.менен бирдикте “Түбөлүктүү кыймылдаткыч” номинациясы менен биринчи орунга ээ болуп,Токмок шаарында өткөрүлгөн конкурска барып 3-орунга татыктуу болуп келишти.”Кемин жылдыздары”конкурсуна катышып мектептин бийчи кыздары “Ай бийке” тобу менен ийгиликтер жаратууда.Жакында эле” Бүткүл дүйнөлүк таза колдор күнүн” белгилеп иш-чара өттүк.Бул иш-чарага СЭСтен,Соц.защитадан келишип катышып кетишти.Пландалган иштер акырындык менен аткарылып келүүдө.

Мектеп директору А.К.Молдокулова